КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
ОРТО-КАЙЫҢДЫ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРТО- КАЙЫНДЫ

**IV- сессия** **I – чакырылыш**

# ТОКТОМ № 16

24- март 2025-ж Вознесеновка а.

**“ Жайыттарды пайдалануу үчүн жайыт төлөмдөрүн бекитүү ”.**

“Демилге” муниципалдык ишканасынын 2025 –жылга жайыттарды пайдалануу үчүн жайыт акысын бекитүү тууралуу маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын 2009- жылдын 26-январындагы № 30 "Жайыттар жөнүндө" мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 735 токтомунун , Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 “ Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө “ мыйзамынын 34- беренесине ылайык Орто-Кайыңды айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ :

1.Жайыттарды пайдалануу үчүн 2025-жылдын 1- март айынан тарта малдын башына акы төлөмү төмөнкү өлчөмдө бекитилсин ;

| | | |
|---|---|---|
| -Бодо мал жана жылкылар 1 жашка чейин | 1 башына | 70 сом |
| -Чоң бодо мал жана жылкылар | 1 башына | 100 сом |
| -Майда мүйүздүү мал (кой жана эчки) | 1 башына | 20 сом |

2.Орто- Кайыңды айыл өкмөтүндө катталбаган сырттан келген мал үчүн малдын башына акы төлөмү төмөнкү өлчөмдө бекитилсин ;

| | | |
|---|---|---|
| -Бодо мал жана жылкылар 1 жашка чейин | 1 башына | 140 сом |
| -Чоң бодо мал жана жылкылар | 1 башына | 200 сом |
| -Майда мүйүздүү мал (кой жана эчки) | 1 башына | 40 сом |

3.Жайыт пайдалануучуларга алыскы жайыттка чыгуу эрежеси Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу” боюнча бекитилген Типтүү жобонун негизинде жүргүзүлсүн.

4.Ушул токтомдун аткарылышын камсыздоо “Демилге“ муниципалдык ишканасынын жетекчиси Абдыраева А.О тапшырылсын .

5.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин жер, жайыт архитектура, курулуш,экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага К.Мырзагелдиев.